**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧУЙ ОБЛУСУ**
**КЕМИН РАЙОНУ**
**ЧЫМ-КОРГОН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЕМИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧЫМ-КОРГОН**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

Чым-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз 3 сессиясы
№ 1/1-3

30-январь 2026-жыл Чым-Коргон а.

**Чым-Коргон айыл аймагындагы Чым-Коргон айылында жайгашкан мал базарда акы төлөнүүчү кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамына , Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Антимонополиялык жөнгө салуу кызматынын ченемдик актыларына ылайык , Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн расмий сунушунун негизинде Чым-Коргон айыл аймагындагы Чым-Коргон айылында жайгашкан мал базарда акы төлөнүүчү кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитүү жөнүндө талкуулап , айылдык кеңеш төмөндөгүдөй

## ТОКТОМ КЫЛАТ :

1.Чым-Коргон айыл аймагынын административдик чегинде жайгашкан мал базарында малды сатуу , кармоо жана тейлөө боюнча көрсөтүлүүчү кызматтарга , коомдук тамактануу обьекттерине , ошондой эле транспорт каражаттарын киргизүү , чыгаруу жана токтотуу кызматтарына баалар жана тарифтер №1 тиркемеге ылайык бекитилсин .
2.Бекитилген тарифтер мал базарынын администрациясы тарабынан өзгөртүүсүз жана бирдиктүү тартипте колдонулууга тийиш.
3.Мал базарда көрсөтүлүүчү кызматтар үчүн төлөмдөр кассалык аппараттар же накталай эмес эсептешүүлөр аркылуу кабыл алынсын . Документсиз акча чогултууга тыюу салынсын .
4.Мал базарынын администрациясы тарифтердин толук чогултулушун , түшкөн каражаттардын эсепке алынышын жана ай сайын айыл өкмөтүнө финансылык отчёт берүүнү камсыз кылсын .

5.Бул токтом менен бекитилген баалар жана тарифтер убактылуу мүнөзгө ээ болуп саналсын жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Антимонополиялык жөнгө салуу кызматы менен макулдашуу алынганга чейин колдонулсун .
6.Чым-Коргон айыл өкмөтү ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде Антимонополиялык жөнгө салуу кызматына тарифтерди макулдашуу үчүн документтерди милдеттүү түрдө тапшырсын .
7.Белгиленген мөөнөттө Антимонополиялык жөнгө салуу кызматынын макулдашуусу алынбаган учурда , ушул токтом менен бекитилген тарифтердин колдонулушу автоматтык түрдө токтотулсун .
8.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Чым-Коргон айыл өкмөтүнө жана айылдык кеңештин тиешелүү туруктуу комиссиясына жүктөлсүн .

**Төрага** **А.Тазабеков**

Таркатылды : делого тиркелет , айыл өкмөтүнө

Чым-Коргон айылдык кеңешинин
2026-жылдын 30- январындагы
№1 токтомунун тиркемеси

**Чым-Коргон айыл аймагындагы Чым-Коргон айылында жайгашкан мал базарда акы төлөнүүчү кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитүү**
**ПРЕЙСКУРАНТЫ**

| № | Кызматтын аталышы | көлөмү | Акы төлөмү (сом) | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кой-эчки үчүн | 1 даана | 20 сом | |
| 2. | Уйлар ( бодо мал) үчүн | 1 даана | 50 сом | |
| 3. | Жылкылар үчүн | 1 даана | 50 сом | |
| 4. | Соода максаттары үчүн чекене соода түйүндөрү | 1 м2 | 150-300 сом | Ар бир базар күнү |
| 5. | Тамак-аш сатуучу жайлар | 6х12 | 500 сом | Ар бир базар күнү |
| 6. | Унаа токтотуучу жайлар :<br>-чоң машина үчүн | 1 даана | 20 сом | |
| | -жеңил машина үчүн | 1 даана | 20 сом | |
| 7. | Базар ичине унаа менен ар бир кирүү үчүн:<br>-чоң машина үчүн | 1 даана | 50 сом | Чоң машиналар салмагы 3 тоннага чейин |
| | -оор жүк ташуучу машина үчүн | 1 даана | 50 сом | Оор жүк ташуучу машиналар салмагы 5 тоннага чейин |
| | -жеңил машина үчүн | 1 даана | 50 сом | Жеңил машиналар салмагы 1,5 тоннага чейин |
| 8. | Дааратkана | 1 даана | 10 сом | |
| 9. | Чөп саткандар үчүн :<br>-чоң машина үчүн | 1 даана | 100 сом | Чоң машиналар салмагы 3 тоннага чейин |
| | -оор жүк ташуучу машина үчүн | 1 даана | 100 сом | Оор жүк ташуучу машиналар салмагы 5 тоннага чейин |
| 10. | Үй канаттууларын саткандар үчүн | | 100 сом | Турган ордуна |
| 11. | Таза сууга | 1 айга | 400 сом | Жумасына 100 сомдон |
| 12. | Тазалык | 1 айга | 400 сом | Жумасына 100 сомдон |
| 13. | Башка түрлөрүнө | | 200 сом | Турган ордуна |